«Бекитемин» ______________ Ж.Бөкөев

5-класс 19-октябрь 2022-жыл

**Сабактын темасы: СӨЗ АЙКАШЫ ЖӨНҮНДӨ ТҮШҮНҮК**

**Сабактын максаты:**

*Билим берүүчүлүк:* окуучулар сөз айкашы боюнча маалымат алышат.

*Өнүктүрүүчүлүк:* окуучулар сөз, сөз айкашы жана сүйлөмдүн өз ара байланышын, айырмачылыктарын билишет.

*Тарбия берүүчүлүк:* топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлашууга тарбияланышат.

Жогорудагы максаттарга жетти деп эсептейбиз, эгерде окуучу ... а) сүйлөмдөрдү сөз айкашына ажырата алса;

б) сөздө заттын аты гана аталарын, сөз айкашында ошол заттын кандайдыр бир белгиси (өңү, түсү, сапаты, саны ж. б.) ачык берилерин билсе;

Сүйлөм сөздөн жана сөз айкашынан жасаларын өздөштүрсө;

в) топтордо иштөөдө бири-биринин оюн угуп, өз ара сыйлаша алса.

**Окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр:**

*Тилдик компетенттүүлүк:*

- сөз, сөз айкашы жана сүйлөмдү ажырата алат;
- толук маанилүү сөз менен кызматчы сөздүн тутуму сөз айкашы боло албай тургандыгын түшүнөт;
- сөз айкашынын тутумунда багындыруучу жана багыныңкы сөздөрдүн болорун билет.

*Кептик компетенттүүлүк:*

- сөз жана сөз айкаштарын катыштырып текст түзө алат;
- жолдоштору менен сүйлөшүү этикетин сактайт;
- кеп ишмердүүлүгүндө сөз жана сөз айкаштарын колдонот.

*Маданий компетенттүүлүк:*

- улуттук маданияттын баалуулуктарын үйрөнөт;
- адабий тилдин ченемдерин колдонот.

**Сабактын тиби:** жаңы билимди берүү сабагы.

**Сабактын методу:** айтып-берүүчүлүк, түшүндүрүүчүлүк метод.

**Сабакта колдонулуучу ресурстар:** таблица, ватман, маркер, методикалык колмонмо ж. б.

**Сабактын жүрүшү:** 1. Уюштуруу.

2. Үйгө берилген тапшырманы кайталоо:

- биз буга чейин кайсы бөлүмдү окуп бүттүк?
- эмне үчүн тилди пикир алышуунун куралы дейбиз?
- тексттин кандай мүнөздүү белгилери бар?
- тексттин планын түзүүнүн кандай мааниси бар деп ойлойсуң?
- кептин түрлөрүнө кайсылар кирет?

Scanned by TapScanner

- расмий эмес иш кагаздарына кайсылар кирет?

**Жаңы тема:**

Сөз деген – маани берип турган тыбыштардын жыйындысы болот. Мисалы: китеп, окуучу, класс ж. б. сөздөрдө заттын аты гана аталат. Сөз ай- кашы толук маанилүү эки же андан көп сөздөрдөн болот. Сөз айкашында ошол заттын кандайдыр бир белгиси (саны, сыпаты, кыймыл-аракети ж. б.) ачыгыраак берилет. Мисалы: *кызыктуу китеп, беш окуучу, чоң класс* ж. б. Булар сөз айкашы болуп саналат, анткени толук маанилүү эки сөздөн турду жана китептин сапаты, окуучунун саны, класстын көлөмү жөнүндө маалы- мат алдык. Эгерде толук маанилүү сөздөрдүн бири маани берип, экинчиси маани бере албаса, анда сөз айкашы боло албайт. Мисалы: *келечек тууралуу, үйдү көздөй, тартип жөнүндө* ж. б. Булар сөз айкашы болуш үчүн дагы бир толук маанилүү сөздүн болушу талап кылынат.
Мисалы: *келечек тууралуу ойлонуу, үйдү көздөй басуу, тартип жөнүндө сүйлөшүү* ж. б.

Сөз айкашынын тутумунда эки сөз болот: багындыруучу сөз жана багыныңкы сөз. Багындыруучу сөз ойдун негизин ээлеп турса, багыныңкы сөз ага көз каранды абалда турат. Мисалы: *үлгүлүү* *__окуучу__*, *чоң* *__бөлмө__*, *кы- зыктуу* *__сабак__* дегенде, багындыруучу сөздөр: окуучу, бөлмө, сабак – бул сөздөрдүн алды сызылып белгиленет.

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар топторго бөлүнүп төмөнкү көнүгүүлөрдү аткарышат: 1-топ 83-көнүгүүдөн кайсынысы сөз, кайсыны- сы сөз айкашы болорун жана алар эмне үчүн ошондой аталарын; 2-топ 84-көнүгүүнү жазып иштеп, берилген сөз айкаштарынын кайсынысы багындыруучу жана кайсынысы багыныңкы сөз экендигин аныкташат; 3-топ 85-көнүгүүдөгү мисалдардан кайсынысы сөз, кайсынысы сөз айкашы экендигин бөлүп жазуу менен, анын эмне үчүн сөз, эмне үчүн сөз айкашы экендигин далилдеп беришет.

86-көнүгүүнү аткаруу менен окуучулар сүйлөмдөрдү сөз айкаштарына ажыратып, багындыруучу сөздү белгилешет. Ошону менен бирге ал сөздөрдүн эмне үчүн багындыруучу сөз экендигин түшүндүрүп беришет.

Биз силерди адам болууга тарбияладык.

1. __Биз__ тарбияладык
2. силерди __тарбияладык__
3. адам болууга т__арбияладык__ Санжар комуз чертти.

1. __Санжар__ чертти
2. комуз __чертти__

Сабактын кийинки бөлүгүндө окуучулар кайрадан топторго бөлүнүп, 87–88–89-көнүгүүлөр аткарылат. 87-көнүгүүдө берилген сөздөрдөн сөз айкашын түзүп, анын багындыруучу жана багыныңкы түгөйлөрүн анык- тап, кайсы сөз түркүмүнөн жасалгандыгына көңүл бурушат. 88-көнүгүүдө класстагы буюмдарды атап, ошол сөздөрдү катыштырып үлгү боюнча сөз айкаштарын түзүшөт. 89-көнүгүүдө берилген схема боюнча сөз айкашта- рына мисал келтиришет.

Окуучулардын билимин баалоо критерийдин негизинде жүргүзүлөт 90-көнүгүү

**Үй тапшырмага берилет.** Окуучулар сөз айкаштарын таап көчүрүп жазышат.

Scanned by TapScanner

1. Эжу буга чейин кайси
бошидоу окуп
вушицк?

2. Эмне үчүн тилди пикир алмашуунун куралы дейбиз?

Scanned by TapScanner

3. Тексттиң қандай мунодуң белгилери бар?

Scanned by TapScanner

4. Тексттин планын түзүүнүн кандай мааниси бар деп ойлойсуң?

5. Кешки ширмордо кайсылар кирет? атап бер?

Scanned by TapScanner

6. Ресмий жеке

іс қағаздарына

қайсылар кіреді?

Scanned by TapScanner